**МАТЕМАТИКА 3-класс** **ВАРИАНТ № 3**

## ТЕСТТИН ТҮЗҮЛҮШҮ:

**Тест 2 бөлүмдөн турат:**
**1-бөлүм** 1ден 8ге чейинки тапшырмалар – сунушталган 4 варианттын ичинен бир туура жоопту тандап алуу.
**2-бөлүм** 9 жана 10 тапшырмалар – кыска жооптуу (ачык типтеги).

## 1-БӨЛҮМ

**№ 1.** Жактары 3 см ден болгон квадраттын периметрин жана аянтын тапкыла.
а) 10 см жана 9 см
б) 16 см жана 6 см$^2$
в) 12 см жана 9 см$^2$
г) 9 см жана 12 см$^2$

**№ 2.** 1-разряды 5, 2-разряды 0, 3-разряды 8, 4-разряды 6 болгон сан кайсы?
а) 1084
б) 6805
в) 5034
г) 6405

**№ 3.** Калтырылган боштуктун ордуна туура келе турган санды тапкыла.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 6 | 2 | 1 | 4 | 7 |
| 10 | 6 | 5 | 8 | __ |

а) 9 б) 10
в) 11 г) 12

**№ 4.** 5 саат 45 мин · 5= … мин
а) 1725 мин
б) 1735 мин
в) 2725 мин
г) 28 саат 45 мин

**№ 5.** 9000 жана 30 дун тийиндисин100 гө көбөйткүлө.
а) 903000
б) 897000
в) 3000
г) 30000

**№ 6.** Айлананын диаметри 8 см болсо, анда айлананын радиусу канча см?
а) 16 см б) 3 см
в) 5 см г) 4 см

**№ 7.** Теңдеменин тамыры канчага барабар?
**а · 18 = 342**
а) 360 б) 6156
в) 19 г) 324

**№ 8.** Азаюу иретинде жазылган жоопту тапкыла.
а) километр, метр, сантиметр, миллиметр
б) миллиметр, сантиметр, метр, километр
в) километр, метр, миллиметр, сантиметр
г) километр, сантиметр, метр, миллиметр

## 2-БӨЛҮМ

***Кийинки 2 тапшырма кыска жооптуу тапшырмалардан турат. Жообу – 0-9999га чейинки бүтүн сан. Жообу атайын берилген чакмактарга биринчиден баштап (бир чакмакка бир гана сан) жазылат. Эгерде кг, км/саат, метр, дм, грамм жана башка ушул сыяктуу белгилер чыкса, анда ал белгилер жазылбайт. Сандардын өзү гана жазылат!!!***

**№ 9.** 9000 санындагы жүздүктөрдүн санын аныктагыла.

**Жообу:** ☐☐☐☐

**№ 10.** Дүкөндөн 200 кг дан 5 ящик жана 10 кг дан 72 ящик алмурут сатылды. Дүкөндөн канча кг жемиш сатылды?

**Жообу:** ☐☐☐☐

## ТЕСТТИН АЯГЫ

**Тестти баалоо:**
**1-бөлүмдөгү 1 ден 8 ге чейинки ар бир тапшырма 1 балл,**
**2-бөлүмдөгү 9 жана 10 тапшырмалардын ар бири 2 балл менен бааланат.**

| Баллдар | Баасы |
|---|---|
| 1 – 6 балл үчүн | «2» |
| 7 – 8 балл үчүн | «3» |
| 9 – 10 балл үчүн | «4» |
| 11 – 12 балл үчүн | «5» |